КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ
КАТРАҢ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КАТРАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Катраң айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз IX сессиясы**

**ТОКТОМ**

Катраң айылы № 22 05.12.2022-ж

**“Катраң айыл аймагындагы селден жабыркап көчүрүүгө муктаж болгон жана турак-жай салууга арыз берген жарандарды жер тилкелери менен камсыздоо үчүн түзүлгөн программасын бекитүү жөнүндө”**

Катраң айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги IX сессиясынын отуруму күн тартибиндеги маселелерди карап жана талкуулап

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Катраң айыл аймагындагы селден жабыркап көчүрүүгө муктаж болгон жана турак-жай салууга арыз берген жарандарды жер тилкелери менен камсыздоо үчүн түзүлгөн программасы Катраң айылдык кеңешинин токтому менен бекитилип берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Катраң айыл өкмөтүнүн жер адиси И.Мусаевге милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Катраң айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басары: Ормошов З.А.**

**Катраң айылдык кеңешинин**

VII чакырылышынын № 22

токтому менен бекитем

**Катраң айылдык Кеңешинин**

**төрагасынын орун басары:**

_____________ Ормошов З.А.

**Катраң айыл аймагындагы селден жабыркап көчүрүүгө муктаж болгон жана турак-жай салууга арыз берген жарандарды жер тилкелери менен камсыздоо үчүн түзүлгөн**

**ПРОГРАММАСЫ**

Катраң айыл аймагында калктын саны жылдан жылга көбөйгөндүгүнө байланыштуу, бир участокто 4-5 үй-бүлө жашоо тиричилигин өткөрүп келүүдө. Азыркы мезгилде турак-жай салуу үчүн жер алууга кезекке турган жарандардын саны айыл өкмөтү боюнча 1280 атуул кезекте турат. Ошондой эле 2021-жылдын 19-июлунда жана 3-6-августунда мөндүр аралаш катуу жааган жаандан сел кетип. Катраң айылынын Күнгөй участкасындагы тургундарынын турак жай үйлөрүнө, чарбалык курулмаларына сел кирип жашоого жараксыз болуп калган. Ошол себептен селден жабыр тарткан жарандарды кооптуу жерден, коопсуз жайга көчүрүү маселеси зарыл.

Бир үйдө, көпчүлүк жашаган үй-бүлөлөр арасында кээ бир учурларда кандайдыр бир себептер менен пикир келишпестиктер жаралып үй-бүлөлөр арасында жаңжалдар болгондугу катталууда.Ошол себептен айыл тургундарынын арыз даттануууларын чечүү, миграцияны азайтуу максатында айыл өкмөтү жалпы элдик жыйындарда берген сунуштарын эске алып, төмөндөгү жерлердин генпландарын түздүрүп, Катраң айылдык кеңешине, райондук жана облустук мамлекеттик администрациясына, Кыргыз Республикасынын министирлер кабинетинесунуштады.

Катраң айыл аймагынын Катраң, Козу-Баглан айылдарында 2018-жылдагы жана 2021-жылдын 19-июлунда мөндүр аралаш катуу жааган жаандын кесепетинен жабыр тарткан жарандарды коопсуз жайга көчүрүүгө ошондой эле Катраң айыл аймагынын Катраң, Козу-Баглан айылдарынын тургундарынын жер участок боюнча арыздарын канааттандыруу максатында Кыргыз Республикасынынь2013-жылдын 15-июлундагы №145 мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169 Жер участокторду которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндөгү убактылуу жобого ылайык жалпы 107,0 га жер тилкесин айыл чарба багытындагы жерлер категориясынан калктуу конуштун жерлери категориясына которууга сунушталып анын ичинен:

Катраң айыл өкмөтүнүн Нарсой участкасындагы мамлекеттин менчигиндеги (мурдагы Катраң айыл чарба коопаративинин) 1993-жылдын май айындагы № 5984,шифр №1046 инвентаризациялоо материалына ылайык суралган жалпы 107,0 га жер аянты, анын ичинен № 404-контурундагы 49,0 га жайыт жер, № 420-контурундагы жалпы 36,5 га жер аянты анын ичинен 34,5 га жер аянты көп жылдык бак-дарактар (других защитных насаждений) ал эми 2,0 га жер аянты канал, коллекторлор, № 406-контурундагы 0,5 га жер аянты көп жылдык бак-дарактар (других защитных насаждении). Шондой эле Катраң айыл өкмөтүнүн 2008-жылдын май айындагы № 6001, шифр № 1062 Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун (АЖМФ) инвентаризациялоо материалына ылайык суралган жалпы аянты 21,0 га жер аянты көп жылдык бак-дарактар астындагы жер, анын ичинен № 420-контурундагы 13,4 га жер, № 405-контурундагы 2,1 га жер, № 409-контурундагы 2,7 га жер, № 411-контурундагы 2,8 га жер аянттары Катраң айыл өкмөтүнүн Селхоз-Гараж участкасында жайгашкан.

Катраң айыл аймагы боюнча жалпы 107,0 га жер. Жогоруда которуштурууга сунушталган жерлердин ичинен айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондундагы жайыт жана көп жылдык бак-дарактар айыл өкмөт тарабынан ижарага берүү үчүн бир канча ирет тоорукка жарыя берилгенине карабай эч ким ижарага албай келүүдө. Анткени ал жерлер калктуу конуштан алыста жайгашкандыктан жашоочулардын иштөөсүнө, түшүмдөрүн коромжусуз жыйнап алууга бир топ кыйынчылыктар болуп келүүдө, топурагы сары, сагыз, таштак болгондуктан бак-дарактар куурап, суу жетишсиз болгондугуна байланыштуу, жарандар бак-дарактарды ижарага албай койгон. Ал эми айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун сугат айдоо жери союз бузулгандан кийин, суу келүүчү латокторун жарандар талкалап жок кылышкандыктан жерлер кайракка айланып, ал жерлерди да эч ким ижарага албай келүүдө.

Бул жерлерге көчүрүүгө зарыл болгон жарандарды көчүрүп, жашоо шарттарын түзүү пландалууда. Ошол себептен жогоруда сунушталган айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун сугат жана кайрак жерлерин, мамлекеттин менчигиндеги жайыт жана көп жылдык бак-дарак, айыл өкмөтүнүн жерлерин жана башка багыттагы 107,0 га жерлерин калктуу конуштар жерлерине которуп, жер алууга муктаж болгон жана көчүрүүгө зарыл болгон жарандарга турак-жай салуу үчүн жер тилкеси берилсе айыл тургундары турак-жай куруп социалдык, экономикалык жактан өнүгүшүнө шарттар түзүлөт.Калктуу конуштун жерлери категориясына жерлер которулгандан кийин, жогорудагы иштер аткарууга алынса айыл өкмөтүнө да кирешелер түшмөк, жалпылап айтканда калктуу конушка которулган жерлерге мамлекет тарабынан социалдык мекемелердин имараттары салынып, ошону менен бирге жумуш орундар пайда болуп, айыл өкмөтүнө жана тургундарга дайыма түшүп туруучу киреше булагы пайда болот. Катраң айыл аймагынын тургундарына жеке турак жай куруу үчүн бөлүнүп бериле турган жана соц.объектерге калтыра турган жалпы 107,0 га жер аянттарда эч кандай объектер, суу түтүктөрү жана башка курулуштар, архиологиялык баалуулуктар жок.

**Катраң айыл өкмөтүнүн башчысы:** **Э.Н.Салибаев**

**Катраң айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы:** **Т.М.Сайдуллаев**

**Катраң айыл өкмөтүнүн жер адиси:** **И.А.Мусаев**